УДК 809.434

М.КАРЫБЕКОВА

КОРКОМ СУРОТ ОНОР ТЕРМИНДЕРИНИН ЖАСАЛУУ ЖОЛДОРУ

Бул макалада көркөм сүрөт өнөр терминдеринин жасалыш жолдору, алардын өзгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары тууралуу айтылат

В этой статье говорится о путях образования терминов ИЗО, об их особенностях и различиях.

This article is about waus of terms formation of fine arts, their peculeriarties and differences.

Термин - жалпы сөздөрдөн өзгөчөлөнгөн сөз эмес, өзгөчө функциялуу гана сөз. Ал өзгөчө функциясы номинативдик (атоо) функциясы. Ошентип, терминологиялык системалардагы (м: адабият таануу, укуктук, тил илими, архитектура, көркөм сүрөт өнөрү ж.б. боюнча) ар бир терминдин түшүнүктү туюнтуу жагы негизги белгиси катары алынат. Ар бир илим тармагындагы түшүнүктөрдү атоо жана аныктоо милдетин аткаруучу сөз жана сөз айкаштары гана илимий термин катары эсептелиши жөндүү. Негизинен термин берген мааниси менен шайкештик, бир гана түшүнүк маанисинде колдонулуу касиетине ээ.

Термин катары кадыресе эле сөздөр - тилдин лексикасындагы атооч же этиш сөздөр, туруктуу сөз айкаштары колдонулат. Ал сөздөр эне тилдин өздүк каражаттары, же өздөштүрүлгөн сөздөр, же болбосо ал эки элементтин кошундусунан турган жарым калькалар болушу мүмкүн. Эң акырында терминдик мааниде айрым сөздөрдүн өтмө маанилери да колдонулат. Терминдик милдет аткаруучу сөз ар бир тилдеги жалпы эле сөздөргө мүнөздүү түзүлүш - структуралык жана семантикалык белгилерге ээ жана ошол белгилери жагынан мүнөздөлө алат. Айрым сөздөр тилдеги ыкмалардын жана эрежелердин үлгүсүнө салынып жаңыдан жасалат.

Азыркы кыргыз тил илиминде терминдер эки жол менен: эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүнөн кеңири пайдалануу жана башка тилдерден өздөштүрүү жолдору менен түзүлөт. Кыргыз тили узак кылымдарга созулган тарыхында кыргыз коомунун өз ара пикир алышуу, байланыш куралынын милдетин аткарган. Терминдик мааниде колдонулган сөздөр да ар кандай кырдаалдарда терминдик маанилерин сактап, колдонуу чөйрөсүн , өз ичине алган түшүнүк чегин кеңейтип келген.

Бул илимий макалада сөз болуп, талдануучу терминдер 2004-жылы Мамлекеттик тил жана энциклопедия борборунан жарык көргөн «Көркөм сүрөт өнөрү жана архитектура» терминдеринин түшүндүрмө сөздүгүнөн алынмакчы.

Бул сөздүк көркөм сүрөт өнөрү, архитектура жана жасалга -колдонмо көркөм өнөрлөрү боюнча изилдөөчү жана сын адабиятта колдонулган 800 гө жакын терминдер менен түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт жана алардын дээрлик жарым бөлүгү которуу жана калькалоо жолу менен алынды.

Эне тилдин ички ресурстарынын эсебинен термин түзүү жана ылгоо иши негизинен которуу жана калькалоо жолу менен системага салынат.

1.Которуп алуу. Башка тилдердеги терминдик түшүнүктөрдүн аттарын туюндуруучу сөздөрдү төл жана тилибиздеги мурдатан бери колдонуп жүргөн сөздөр менен которуп алуу:

Көркөм сүрөт өнөрүндө которуп алуу жолу менен жасалган терминдик түшүнүктөр бардык сөз болуп жаткан терминдердин бир тобун түзөт. М: абал - состояние, жарык - свет, айнек - стекло, көлөкө -тень, кеп - слепок, эстелик - памятник, жасалга - декор, боек - краска, катмар - слой ж.б.

Орус тилиндеги бир сөздөн турган термин эне тилибизге котороода эки же үч сөз менен берилген учурлар кездешет. М: набросок - бир сүртүм, көркөм өнөр таануу - искусствоведение, жарык шаңы - светотень, древнегреческие сосуды - байыркы грек идиштери, араб көркөм өнөрү - арабское искусство, ж.б.

Которуп алуунун төмөнкүдөй түрлөрү кездешет:

1. толук которуп алуу; 2. жарым которуп алуу;

1) Толук которуп алуу - которулуучу термин (уңгу, туунду жана сөз айкаштары) толук которулушу мүмкүн. М: жасалга - декор, кооздоп оюу -резьба, колдонмо көркөм өнөр - прикладное искусство, кошумча түстөр - дополнительные цвета, көчүп жүрүүчүлөр - передвижники, көчүрмө - копия, куйма - литье, стекло - айнек, состояние - абал, краски - боектор, свет - жарык, ж.б. Толук которулуп алынган терминдер көркөм сүрөт өнөр терминдеринин жалпы санынын 11, 12% (87сөз) түзөт.

2) Жарым которуп алуу - которулуучу термин бир нече сөз айкаштарынан туруп, анын кээ бир компонентин так котороого мүмкүн болбогон учурларда, ал сөздөр которулбастан эле айкаштырылып алынат. Мындай ыкма көбүнчө орус тилиндеги көркөм сүрөт өнөр терминдеринин мүчөлөрүн кыргызча берүүдө өтө ыңгайлуу. М: майда пластика - мелкая пластика, мом живописи - восковая живопись, жаныбарлар стили - звериный стиль, жасалгалык живопись - декоративная живопись, жумшак лак - мягкий лак, майлуу боектор живописи - масляная живопись, мозаикалык терме - набор, сүрөтчүлөр артели - артель художников, тарыхый жанр - исторический жанр, сөөк фарфору - костяной фарфор, ж.б. Жарымы которулуп алынган терминдер көркөм сүрөт өнөр терминдеринин жалпы санынын 11,50% (90сөз) түзөт.

Терминдерди которуп, эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууда калькалоо ыкмасынын мааниси өзгөчө роль ойнойт. А.А. Реформатскийдин айтуусу боюнча: «кальки - это буквальные переводы по частям с последуюшим сложением переведенного воедино» (Реформатский, 1947) Бул жөнүндө академик Б.Орузбаева мындай дейт: «Бир тилдеги

сөздү жана сөз тизмегин ошол тилдин үлгүсүндөй кылып экинчи тилге төл сөздөрдүн жана сөз тизмектеринин жардамы менен которуу - калькалоо деп аталат».

Калька - өздөштүрүүнүн өзгөчө түрү. Бул ошол чет элдик сөздөрдүн структурасына ылайык үлгүдө жасалган, бирок алардын материалдык негизин өздөштүрбөгөн сөздөр. Калькалар таза маанилик мааниде да колдонулушу мүмкүн.

Көркөм сүрөт өнөрү боюнча терминдер илимдин башка тармактарына таандык терминдердей эле көпчүлүк учурда орус тилинен терминдерди которуу жолу (калькалоо) менен байыган. Бул кыргыз терминологиясына бирдиктүү талаптарды коюу менен чечилген. Мында терминдерди илимий изилдөөгө биринчилерден болуп киришкен К.Тыныстанов, И. Тойчинов, Б. Орузбаева жана аларды тартипке келтирүү принциптерине, теориялык негизине көңүл бурган Ж. Шүкүровдун көз карашына токтолбой кетүүгө болбойт. Бул эмгектерде жаңы түшүнүктөрдү атоо үчүн кыргыз тилинин ички ресурстарынан пайдалануунун жол - жоболору көрсөтүлөт.

Калькалык ыкма термин түзүү жана ылгап алуу ишинде өзгөчө мааниге ээ. Анын өзгөчө мааниси - ошол сөзмө - сөз которулуп алынган сөз семантикалык жагынан терминдик мааниге ээ болушунда. М: световая сила - жарык күчү, жаңычылдык - новаторство, лубок - кабык, бумага - кагаз, слепок - кеп, ковры - килемдер, тень - көлөкө, алтын кесилиш - золотое сечение, Кайра жаралуу - Возрождение допонительные цвета - кошумча түстөр ж.б. сөздөр калькалоо ыкмасы менен которулуп, көркөм сүрөт өнөрү боюнча терминдик мааниге ээ.

Калькалоо жол - ыкмасы менен которуунун төмөнкүдөй түрлөрү бар. Алар :

а) Лексикалык калька - төл сөздөрдөн, башка тилдеги сөздүн үлгүсүн өздөштүрүү аркылуу, б.а. сөздүн структурасын жана мүчөлөрүн которуу жолу менен термин алуу; Бул ыкма менен көркөм сүрөт өнөрүнүн көп терминдери уюшулган.

М: декоративность - жасалгалуулук, барбизонцы - барбизондуктар, декорация - жасалгалоо, новаторство - жаңычылдык, возрождение - кайра жаралуу, повторение - кайталоо, почернение - карарып кетүү, перевод - котормо, отливка - куйма, отбор - тандоо, народное искусство - элдик көркөм өнөр ж.б.

б) Төл сөздөрдөн, башка тилдеги сөздүн (терминдин) үлгүсүн өздөштүрүү аркылуу термин (сөз) жасоодо бир сөздөн түзүлгөн (жөнөкөй) калькадан башка дагы сөз айкаштарынан түзүлгөн (грамматикалык мыйзамдарга ылайык сөздөрдүн өз ара байланышы) калькалар да кездешет. Мисалы: гончарные изделия - чопо буюмдары, народный художник - эл сүрөтчүсү, мир искусства - көркөм өнөр дүйнөсү, круглая скульптура - тегерек бедиз, обшественная школа поошрения художеств - сүрөт өнөрүнө дем берүүчү коомдук мектептер, художественные ткани - көркөм кездемелер, ж.б.

Ошондой эле сөз компоненттеринин бири - эне тилден, экинчиси өздөштүрүлгөн сөздөн (терминден) турган учурлар көркөм сүрөт өнөр терминдеринде абдан көп кездешет.

М: декоративная живопись - жасалгалык живопись, групповой портрет - топтук портрет, восковой способ - момдук ыкма, растительный орнамент - өсүмдүк орнаменти, масляная краска - майлуу боектор живописи, мелкая пластика - майда пластика, художественные лаки

— көркөм лактар ,мифологический жанр - мифологиялык жанр, медальерное искусство - медальердик көркөм өнөр, монументальная скульптура - монументтик бедизчилик, ж.б. ж.б.

в) Семантикалык (маанилик) калька - терминдик мааниге ээ болуучу сөз, өтмө түшүнүктө алынат да, кадимки сөз маанисинен башка терминдик маанини да туюнтат. Мисалы:

жарык - 1) күндүн нуру; 2) атайын мааниде - көркөм чыгармадагы, же натуранын өзүндөгү жарык шаңынын негизги элементтеринин бири.

көлөкө -1) сөлөкөт, караан; 2) атайын мааниде - көркөм чыгармадагы, же натуранын өзүндөгү жарык шаңынын негизги элементтеринин бири.

ой (замысел) — пикир, идея; 1) 2) көркөм өнөр тармагында -сүрөтчүнүн чыгармачылык ой жүгүртүүсүндө көркөм чыгарманын формасы менен мазмунунун негизги белгилери тууралуу анын үстүнөн практикалык ишти баштоодон мурунку, конкреттүү жана жалпы бир бүтүндүктө элестетүүсү.

кыртыш (грунт) - 1) топурак, жер; 2) а) живопись технологиясында - чаптагыч заттарды ашыкча сиңдирбөө үчүн жана сүрөтчүгө керек болгон түстүк жана өзгөчөлүк касиеттерди бир нерсенин үстүндө сактап калуу максатында атайын кошундунун жука катмарларынын (же кошундунун өзүнүн) бир нерсенин үстүндө, пайдубалында жаткырылышы; К. клейлик, майлуу жана эмульсиялык болуп бөлүнөт. б) тереңдетилген гравюра техникасында - химиялык жол менен металлды ойдуруу процессинде металл тактанын үстүнө иштин алдын ала же бир бөлүгүнө жаткырылуучу кислотага чыдамдуу кошундунун (же кошундунун өзүнүн) катмардары. Сүрөт тартардын алдында тактанын үстүнө жаткырылуучу ачык түстөгү боек да К. деп аталат.

кеп (слепок) - 1) сөз, сүйлөө; 2) тех. калып. 3) бедизчилик технологиясында - бедиздик түп нускадан, муздак куйманын механикалык ыкмасы менен көбүнчө гипстен жасалган так көчүрмө.

жебилге (кисть); 1) илгери кыргыздар сүт - каймак, кымыздын үстүнө түшүп кеткен ыпыр-сыпырларды сүзүп алуу үчүн, жебилгени пайдаланышкан. Анын башы кылдан жасалып, кичине жыгачка бекитилген жана бүгүнкү күндөгү орус тилинде «кисть» деп аталган предметке окшош болгон. (Белгилүү сынчы, сүрөтчү С.Асанбеков аны термин катары сунуштаган.) 2) сүрөтчүнүн кыска жыгачтын башына бекитилген топ кылдуу сүрөт тартуучу аспабы, кыл калеми.

Европалык элдердин илим жана көркөм өнөр тармагындагы улуттук терминологиялары көпчүлүк бөлүктөрүндө өздөштүрүлгөн сөздөрдөн жана грек жана латын терминдеринин калькаланышынан турат. Толук калькалар менен бирдикте, аз санда, булак болуп эсептелинген тилдин сөздөрүнөн турган жарым калькалар кездешет. Өздөштүрүп жаткан тилге жарым сөзү которулуп, жарым сөзү сакталган чет тилдик сөздөр жарым калькалар болуп эсептелинет. Көркөм сүрөт өнөрүндө да ушундай сөздөр кездешет. М: патиналоо (итал. «patiha» - колодон же жезден жасалган, турмушта колдонулуучу жасалгалык көркөм өнөрү менен бедизчилик чыгармаларында пайда болгон кычкылдандыруунун ар кандай түстөгү түрлөрүнүн өңөрү - патинаны жасалма түрдө пайда

кылуу); дублирлөө (фр. «doubler - эки эсе көбөйтүү» - башка нерсеге чаптоо менен живопистик чыгарманын эскирген жана бузулган түп нускасын оңдоону түшүндүргөн реставрациялык термин); иллюминациялоо (лат. illunaire - «кооздоп жарык берүү, жасалгалоо» - түстүк градациясы жок, көбүрөөк, чектелген (локалдык) түстө кол менен сүрөттөрдү же кандайдыр бир чекмени боеп кооздоо, түс берүү); гравирлөө (фр. qravver «оюу» - гравюра техникасында - тактанын бетин механикалык каражаттардын, көп учурда кесүүчү шаймандар менен тазалап даярдоо); декорациялоо (фр. decoration, лат. decorare «кооздоо» - кандайдыр бир кооздук жасалгаларынын ансамбли, мүнөзү, системасы); ж.б.

Эне тилдин ички мүмкүнчүлүктөрүнөн калькалоо ыкмасы (которуп алуу) менен термин иргеп алуу жана түзүү иштери күндөлүк турмушубузда эне тилибиздин ролун күндөн - күнгө жогорулатып, анын мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалануу менен, эне тилибиздин лексикалык корун байытууну көздөйт.

Жыйынтыгында кыргыз тилинин сөз жасоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу менен, жаңы сөз, терминдерди жасоо, аларды күндөлүк практикада колдонуу, эне тилибиздин тазалыгын сактоо - жалпыбыздын милдетибиз.

Адабияттар

1. Будагов Р.А. Очерки по языкознанию. – М.: Изд-во АН СССР, 1953. – С. 86-91
2. Булаховский Л.А. Введение в языкознание. ч. 2. – М.:Учпедгиз, 1954.106 с.
3. Исабекова А.Б. Кыргыз тилиндеги терминдердин жасалуу ыкмалары жөнүндө. КТМ. – Ф.: Илим, 1986. – 22 б.
4. Жунушалиева Ч.Т. Кыргыз улуттук терминологиясын түзүүдө терминдерди которуу жолдору.\\ Кыргыз тили: кечээ, бүгүн жана эртең. – Б., 2000. – 202 б.
5. Какаева, Англис, кыргыз тилдериндеги филос. ж-а псих. терм.салыштыр. типол. – Б., 2002 – 7 б.
6. Карыбекова М. Көркөм сүрөт өнөрү жана архитектура. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. 2004.